Бекитемин

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү

орто мектебинин директору

Аалиев Б.Б

5.09.2022

**№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинин окуу-тарбия окуучулардын билим , билгичтигин, шыгын баалоо системасы билим сапатын текшерүү боюнча жөнүндө жобосу**

## 1.Жалпы жобо

1.1.Ушул жобо Кыргыз Республикасынын " Билим беруу" мыйзамына ылайык,

№11 Саймалуу-Таш жалпы билим берүүчү орто мектебинде окуу-тарбия комплексинин негизинде иштелип чыгкты.

1.2.Жобо мектептин педагогикалык кенешинде бекитилет. Педагогикалык кенеш өзүнүн кошумчаларын жана өзгөртүүлөрүн киргизе алат.

1.3. Жобо окуучулардын жетишкендиктерин баалоого талаптарды, ортонку жана жылдык текшерүүнүн мезгилин аныктайт.

Жобо мугалимдерге жана окуучуларга милдеттүү турдө керек.

Жободо төмөнку аныктоолор пайдаланылган.

Баа — бул баалоо процессинин жыйынтыгы, окуучулардын жетишкендиктеринин сан жана билим менен көрсөтүү.

Окуудагы жетишкендиктерди баалоо- планда көрсөтүлгөн максаттардын реалдуу жетишкен жыйынтыктарга төп келүүнүн деңгээли.

Жетишүүнүн кезектеги, күндөлүк текшерүүсү - бул окуучулардын үзгүлтүксүз билимин текшерүү, окуу программасына жараша мугалим аркылуу күнүмдүк сабактарда өткөрүүчү текшерүү, мезгил- мезгили менен окуучуларды текшерүү.- Тема же бөлүмдү бүткөндөн кийин окуучулардын окуу материалынын кабыл алуусунун денгээлин аныктоо.

Билимдердин баштапкы текшерүүсу — жаны окуу жылынын башында откон окуу жылындагы окуучулардын билиминин эсинде калуусун текшеруу.

Жарым жылдык текшеруу- жарым жылдагы окуучулардын билим денгээлин текшерүү;

Scanned by TapScanner

Бир жылдык текшеруу- мамлекеттик стандартка ылайык бир жылдын ичинде 1-2 окуу дисциплинасы боюнча окуучунун жетишкендиктерин, кабыл алуусун текшеруу.

Жободогу баалоо системасын иштеп чыгуунун максаттары:

2.1. Максаты: бааларды коюуга жана баалоого бирдиктүү талаптарды коюу менен бирдикте билим берүүнүн сапатын көтөрүү.

2.2. Милдеттери:

базистик окуу планынын жана варианттуу бөлүгү боюнча окулган предметтердин денгээли, мамлекеттик стандарттын талаптарына туура келүүсү;

айрым предметтер боюнча окуу программалардын жана календардык пландардын аткарылышын текшеруу;

окуучулар менен жекече билим берүү жолун тандоого өзүн-өзү баалоо, жардам, шыгын артыруу.

**Баалоо системасынын негизги болуктору**

Баалоо — бул алган жыйынтык менен пландалган максаттардын дал келүү процесси. Баалоо системасы окуучунун кабыл алуу денгээлин, өсүүсүн көрсөтүшү керек. Окуучу озун - озу баалоодо колдоо, мактоо, онугуу механизими иштелиши керек. Окуучу — мугалим деген байланыш баалоонун негизи.

Мектептеги баалоонун максаты:

Билим беруу ишмердуулугуно диагнос жургузуу;

Баа - бул ата-эне, окуучу мугалимди бир бирине байлаган звено.

3.3. Мектепте баа коюунун принциптери:

Объективдуулук жана калыс, адилетуулук окуучулардын билимин баалоо учун бирдиктуу критерийлери.

Окуучулардын жеке жана курагына жараша баалоо.

3. Ачык айтуу — бул окуучулардын жетишкендиктери жөнундө маалыматтын жеткиликтуулугу, анализ жургузуу жана ошого жараша жыйынтык чыгаруу.

**Баа коюунун критерийлери.**

3.4. 1. Баалоонун критерийлери- билимдин децгелин аныктоонун негизи болуп эсептелет.

толук жана туура — бул туура жооп; - туура, бирок толук эмес жооп;

туура эмес жооп;

жооп жок.

2. Баа коёрдо каталардын саны жана туру эске алынат:

Scanned by TapScanner

орой каталар; - окшош каталар;

орой эмес каталар;

3.5. Баалоо шкаласы.

1. ”5”- эц жакшы,

“
4 — жакшы,

„3 — канаатандырарлык,

” 2”- канаатандырарлык эмес”.

2. ”5” деген бааны окуучу жазуу, оозеки, практикалык ишти толук келемде, окуу программасына ылайык аткарса, 90-100⁰/0 айтып берсе, эрежелерди пайдалана алат, аньжтап бере алат, практика жузунде корсетуп бере алат, озунун огон ачык уйбей текст тузуп жеткире алат, эгерде 1 ката жетишпегендик болсо уруксат.

3.”4” деген бааны окуучу жазуу, оозеки, практикалык иштеринин жыйынтыктары 70-90⁰/0 аткарылса, туура, бирок толук эмес жооп берсе;

4.”3” деген бааны окуучу окуу программасынын талаптарына жооп берет негизи менен, бирок бир нече орой каталар кетирилсе. 50-70⁰/0 толук эмес бирок туура жооп берсе. Жообу терец эмес, мисал келтире албайт, озунун огон терец айтып бере албайт.

4.”2” деген баа коюлат, эгер окуучу олуттуу жана орой каталарды кетирсе, билим децгели 20-50⁰/0 тузот.

3.6. Билимдерин баалоо баа коюу менен баалар болунет.

1- класстын окуучулары бааланбайт.

Кунумдук, кундолук, журнал 2-11-класстар жыл ичинде коюлат.

Чейректик: журналга, күндөлүккө бир чейректе бир коюлат. Бул чейректин ичинде алган баалардын жыйынтыгы;

3. Жылдык- чейректик баалардын жыйынтыгы.

Текшеруунун формалары

Киришуу контролу, кунумдук, убакыт менен, жарым жылдык жана жылдык, жыйытыктоо аттестациясы.

Окуу программасына ылайык окуучулардын билимин бир окуу жылынын ичинде мугалим аркылуу кунумдук текшеруу жургузулот.

Медициналык справка боюнча дене тарбия сабагынан бошотулгандар ” бошотулган” деген жазуу болуш керек. Бул окуучуларга теория боюнча билимин баалап баа коюлат.

Эгер окуучу окуу убактысынын 30⁰/0 кем эмес убакыт калтырса ”аттестацияланган эмес” –деген жазуу жургузулот.

Scanned by TapScanner

Жарым жылдын ичинде окуучу окутулган кундордун 30⁰/0 калтырса, ата-энелердин арызы, директордун макулдугу боюнча "2" баасы болсо, баа коюлат.

Калтырылган окуу материалынын окуучу тарабынан окуп чыгуу жагы ата-энелерге, окуучуга милдеттендирилет.

Окуу жылынын аягында жылдык жыйынтьжтоо баалары бардык предметтер боюнча коюлат.

Эгер окуучу окуу жылынын аягында аттестацияланган эмес же бир предметтен 2 деген жазуу болсо, анда ошол предметтен кайра көчүрүү экзаменин тапшырат..

Окуучу мугалимден тапшырма жана консультатция алып турат. Жоопкерчилик ата-энелерге жүктөлөт. Экзамендин жыйынтыгына протокол түзүлөт .

Жыйынтыгы педагогикалык кенеште кабыл алынат, буйрук менен бекитилип жана окуу процессинин катышуучуларына жеткирилет.

Жыйынтыктоо аттестациясы боюнча 9-11 класстарда баалоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, билим беруу жана окуу стандартын аткаруу менен мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясынын негизинде ишке ашырылат.

Scanned by TapScanner